КӨҢҮЛ ЧОРДОНУНДА

# Төлөм системаларынын түрлөрү – акчаларды которуу системалары



**Эл арасындагы эң көп колдонулган банк кызматтарынын бири акча которуу системасы болуп эсептелет. Бул кызматтын популярдуулугу чет өлкөлөрдөгү эмгек мигранттарынын көптүгүнө гана эмес, которуулардын өтө тез болгондугуна байланыштуу. Бирок адамдардын баары эле акчаны өтө чоң көлөмдөгү төлөмдөр өтө турган SWIFT чек аралар аралык төлөмдөр системасын колдонуу менен чет өлкөгө жөнөтүүнү биле беришпейт. Акча которуу системалары менен чек аралар аралык төлөмдөр системалары тууралуу, алардын айырмачылыктары жана мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө билүү үчүн биз Улуттук банктын Төлөм системалары башкармалыгынын жетектөөчү адиси Самара АРСТАНБЕКОВАга кайрылдык.**

**- Самара айым, алгач акча которуу системасы деген эмне экенин, анын кандай түрлөрү бардыгын жана ал кандайча ишке ашырылаарын айтып бересиңиз?**

- Акча которуу системасы – биринчиден, коммерциялык банктардын бул системанын катышуучусу катары кардардан (жөнөтүүчүдөн) кабыл алынган акча каражаты башка жерде көрсөтүлгөн кардарга (алуучуга) төлөнүп берүү шарты менен кабыл алуусу. Акча которуулар системасы аркылуу өлкө ичинде жана улуттук чек араны кесип өткөн акча которуулар жүргүзүлөт. Ошондуктан төлөм системасын эки түргө бөлүшөт:

- Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары өздөрү оператор болгон локалдык системалар;

- операторлору юридикалык жактар - Кыргыз Республикасынын резиденттери эмес, кызмат провайдерлери болгон эл аралык акча которуу системалары.

Биздин өлкөдө акча каражаттарын төмөндөгү ыкмалар менен которсо болот:

- *банктык эсеп ачуу менен* – бул ыкманы физикалык жактар менен бирге эле, юридикалык жактар, банктык эсеби ачылган ишкерлер да колдоно алышат. Бул эң коопсуз ыкма болуп саналат. Себеби акча жөнөтүүдө, алууда кардарлар толук идентификациядан өткөндүктөн кокус алдамчылык болсо акыркы акча алуучуну табууга болот;

- *банктык төлөм карталары аркылуу*- бул банктык эсеп ачуу менен акчаларды которуу процедурасына окшош. Бирок акча которуу үчүн төлөм картасынын тиешелүү реквизиттери колдонулат жана акчаны банкоматтардан жана накталай акча берүүчү пункттардан алса болот. Башкача айтканда, сиз өзүңүздүн картаңыздагы акча каражатын башка кишинин картасына которсоңуз болот.

- *банктык эсеп ачпай туруп, тактап айтканда, акча которуулар системасы аркылуу* - бирок бул ыкманы физикалык жактар гана колдоно алышат.

- *банктык эсеп ачпай, почталык жана телеграфтык акча которуулардын жардамы аркылуу* – бул кызматты "Кыргыз почтасы" мамлекеттик ишканасы көрсөтөт.

Бүгүнкү күндө эң көп талап кылынган ыкма бул банктык эсеп ачпай туруп эле акча каражаттарын которуу. Бул акча каражаттарын жөнөтүү, алуудагы процедуранын жөнөкөйлөтүлгөнүнө жана акча которуу системаларынын түрлөрүнүн көбөйгөндүгүнө байланыштуу. Мисалы, өзүңүздүн туугандарыңызга акча которуу үчүн сиз алуучунун аты-жөнүн так билип, жаныңызда паспортуңуз болушу керек. Эгер сизге акча которулган болсо аны алыш үчүн сизде паспорт, контролдук номер жана сизге акча жөнөтүлгөн акча которуу системасынын аталышы болушу кажет. Акча которуу системасы аркылуу акча каражатын алуу, жөнөтүү процесстери көп болсо 5-10 мүнөттү алат жана айрым банктарыбыз бул кызматты дем алыш, майрам күндөрү да сунушташат. Мындай системалардын операторлору да өз продукциясынын сапатын жакшыртып, "мезгил менен бирге кадам таштаганга" аракет кылышат. Мисалы, кардар кассадагы кезекке убакытын коротпошу үчүн банк ага алуучунун картасы дегенди берет. Аны менен кардар кайсы убак болбосун өзүнүн атына которулган акчаны ошол банктын банкоматтарынан же бул акча которуу системасынын түрүн тейлеген банкоматтар түйүнүнөн алып алса болот.

Бирок юридикалык жактардын, ишкердик менен алектенген жарандардын ортосунда эсеп ачпай туруп акча которууга тыюу салынган. Физикалык жактардын ортосунда гана которууларга уруксат. Ошону менен бирге эле ар бир электрондук система менен иштөөдө коммерциялык банк эскерткен коопсуздук чараларын сактоо зарыл. Акча которуу арызына кол коердон мурун дайыма андагы шарттарды жана коопсуздук эрежелерин дыкат окуп чыгып, тарифтер менен таанышыңыздар. Кол коюу менен силер бардык шарттар менен тарифтерге макул болосуңар. Эгер алдамчылык же кармала турган комиссия өлчөмү боюнча дооматтар болуп калса акчаны артка кайтаруу өтө кыйын болуп калат.

**- А чек аралар аралык төлөмдөр системасы тууралуу эмне айта аласыз? Жалпысынан кандай түрлөрү бар, алар акча которуу системаларынан эмнеси менен айырмаланат?**

- Чек аралар аралык төлөмдөр системасынын жардамы менен банктар чек аралар аралык төлөмдөрдү жүргүзө алат (б.а. чет өлкөлөрдөгү төлөмдөр), ар кайсы өлкөлөрдүн финансы-кредиттик мекемелери менен корреспонденттик кызматташуулардын негизинде финансылык жана финансылык эмес билдирүүлөрдү алат жана жөнөтө алат. Чек аралар аралык төлөмдөр коммерциялык банктар тарабынан SWIFT, Telex, Банк-Клиент сыяктуу системаларды колдонуу менен жүргүзүлөт. Төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн системаны тандоо банк-корреспонденттердин ортосундагы келишимдик мамилелер менен аныкталат. Чет өлкөлүк өнөктөштөр менен болгон эл аралык операцияларда банктар көбүнесе SWIFT (society for worldwide interbank financial telecommunication) системасын жактырышат. Анткени ал системанын бардык катышуучулары стандарттык формадагы банктык маалыматты күнү-түнү жогорку ылдамдыкта жогорку даражадагы коргоо менен берүү желесине кошулуу жана санкцияланбаган кирүүлөрдөн коргоо мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылынат. Чек аралар аралык төлөм системасынын акча которуу системасынан эң негизги айырмачылыгы система боюнча которуулардын бардыгы банктык эсептер аркылуу өтөт жана көбүнчө чоң суммалар болот. Анткени эсеп ачылбаган акча которуу системалары бизнеске багытталган эмес жана бул системалардын бир жолку которуунун максималдык көлөмүндө чектөөлөр бар.

Улуттук банк да SWIFT системасынын мүчөсү жана өзү аркылуу коммерциялык банктарды кошуу мүмкүнчүлүгүнө ээ, башкача айтканда, аларга коллективдүү колдонуу кызматын сунуштайт. Бул болсо банктардын чыгашасын бир кыйла азайтып, ошону менен алардын кардарлары үчүн болгон төлөм баасына да таасир этет. SWIFT Жамааттык пайдалануунун түйүнү (ЖПТ SWIFT) колдонуучуларга SWIFT телекоммуникациялык тармагына кирүүнү камсыз кыла турган аппараттык-программалык комплекс. Ошондо Кыргыз Республикасындагы 24 банктын баары SWIFTтын мүчөсү болсо, анын ичинен 20 банк Улуттук банкта түзүлгөн ЖПТ SWIFTтын жалпы интерфейси аркылуу иштейт.

> **Чет өлкөлүк өнөктөштөр менен болгон эл аралык операцияларда банктар көбүнесе SWIFT (society for worldwide interbank financial telecommunication) системасын жактырышат. Анткени ал системанын бардык катышуучулары стандарттык формадагы банктык маалыматты күнү-түнү жогорку ылдамдыкта жогорку даражадагы коргоо менен берүү желесине кошулуу жана санкцияланбаган кирүүлөрдөн коргоо мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылынат.**

**- Сиз акча которуу системаларын колдонуудагы финансылык тобокелчиликтерден сактануу үчүн коопсуздук чараларын сактоо зарылчылыгын айттыңыз. А кандай конкреттүү алдын ала сактануу чараларын билүү керек?**

- Акча которуу системаларын колдонууда төмөнкү алдын ала сактануу чараларын билүү зарыл:

1. Акчаны жөнөтөрдө алуучунун аты-жөнүнүн тууралыгын тактагыла.

2. Жөнөтүлчү акчанын суммасын, алуучунун реквизитин, банктык эсептин номерин жана башкаларын дыкат текшергиле.

3. Алуучудан башка эч кимге контролдук номерди айтпагыла.

4. Акчаны аларда жөнөтүүчүдөн акчанын суммасын, контролдук номерди жана сизге акча салган акча которуу системасын тактаңыз.

5. Мүмкүнчүлүккө жараша алдамчылык болбош үчүн акчаны тааныш адамдарга гана которгула.

6. Банктан алган акча каражатын которуу тууралуу документтин сканерден өткөрүлгөн көчүрмөсүн эч кимге жөнөтпөгүлө.

7. Эгер кайсы бир товарды же кызматты сатып алып жатканда сатуучу акчаны жакын туугандарыңыздын же өзүңүздүн атыңызга которуп, андан соң сиздин төлөө мүмкүнчүлүгүңүздү бышыктоо максатында төлөм документинин сканердик көчүрмөсүн ага жөнөтүүнү суранса ал товарды сатып алуудан баш тартыңыз, балким бул алдоо болуп калышы ыктымал. Учурда алдамчылар ушунчалык амалкөй болгондуктан жасалма документ менен акча которуу системасы аркылуу жөнөтүлгөн акчаны чыгарып алышы мүмкүн.

8. Эгер тааныш эмес сатуучулар товар, кызмат төлөмү үчүн акчаны акча которуу системасы боюнча которууну суранса акчаны алардын эсебине түз которууну сунуштаганга аракет кылгыла. Эгер сатуучу макул болбосо анда сизди алдаганга аракет кылып жатышы толук ыктымал.

**- Акча которуу системаларынын өнүгүү тенденциясы кандай?**

- 2014-жылдын 3 кварталынын жыйынтыгы боюнча акча которуулар 22 эл аралык, 12 локалдык акча которуу системалары менен жүргүзүлдү. Эл аралык система менен бизге кирген акча которуунун саны 1,9 млн. болуп, жалпысынан 38,1 млрд. сомду түзсө (өткөн жылкыга салыштырмалуу өсүү 10%), а бизден чыккан которуулардын саны 0,09 млн. болуп, жалпы 7,7 млрд. сомду түздү (төмөндөө 13%). Акча которуулардын басымдуу бөлүгү россиялык рублга туура келет. Бул Россиядагы эмгек мигранттарынын туугандарына туруктуу акча жөнөтүүлөрүнө байланыштуу. Акча которуу системалары боюнча тарифтер системанын өзүндөгү тарифтик торчого ылайык бекитилет жана валюта түрү менен алуучу өлкөлөрдөн көз каранды. Тарифтер системанын түрүнө жана которулган акчанын суммасына жараша 0,1%дан 4,8%га чейин өзгөрүлүп турат. Чек аралар аралык төлөмдөр 2014-жылдын 3 кварталында валютанын 12 түрү боюнча жүргүзүлдү. 2014-жылдын 3-кварталынын жыйынтыгы боюнча бизге кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 247,5 млрд. сом болсо (быйтыркыга салыштырмалуу 17%га өскөн), бизден чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү – 281,0 млрд. сом болду (өсүү 25%). Жогоруда айткандай. Чек аралар аралык төлөм системалары боюнча которуулардын жалпы көлөмүнүн 80 пайызы SWIFT системасына туура келет. Накталай эмес которуулардын тарифтери юридикалык жана физикалык жактар үчүн суммага жараша орточо 0,1%-0,3%ды түзөт.

Төлөм системалары тууралуу кеңири маалыматтар Улуттук банктын официалдуу сайтындагы "Төлөм системасы" жана "Банктык система" бөлүмүндө жайгаштырылат. Эгер сиздин которууларыңыз боюнча суроолор болуп калса анда кайсыл убак болбосун өзүңүздүн банкыңызга же сиз акча жөнөткөн банкка кайрылып сизди кызыктырган маалыматты тактап алууга болот.

**Улуттук Банк**